## 2020-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинде, анын аймактык органдарында жана ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

2023-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 21-августундагы №06-1/678, 2023-жылдын 4-сентябрындагы № 06-1/698 буйруктарына ылайык, аудитор М.К. Арзыбаевдин жетекчилиги алдында, башкы мамлекеттик инспектор Г.Дж. Ашимова, мамлекеттик инспекторлор Б.Д. Асылбеков, Ж.Д. Абалиев, М.А. Айталиев (курулуш боюнча) 2020-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинде, анын аймактык органдарында жана ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тарап жана аудит объектиси:** ушул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит объектиси болуп Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (мындан ары – Улутстатком) эсептелет.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Улутстаткомдун жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудит тобунун милдети**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Улутстаткомдун ишинин критерийлерге ылайыктуулугу боюнча өз алдынча корутундуга келүү. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп Улутстаткомдун ишинин укук белгилөөчү ченемдик укуктук актыларда бекитилген максаттарга жана милдеттерге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келиши эсептелет.

Көрсөтүлгөн мезгил ичинде аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер төмөнкүдөй болду:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын буга чейинки аудитинин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышын талдоо;

- статистикалык иштин аткарылышына аудит;

- бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;

- “Маалыматтык системаларды коштоо жана камсыз кылуу” бюджеттик чаралардын аткарылышына аудит;

- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына баа берүү;

- атайын эсептик каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасынын аткарылышына аудит;

- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын аткарылышына аудит.

**Аудиттин критерийлери:**

- “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренеси;

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

- Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 8-июлундагы № 82 “Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамы;

- “Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-декабрындагы № 675 “2023-жылга карата статистикалык программаны бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 436 “Бюджеттик программалардын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баалоо жөнүндө” токтому

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 2-майындагы №201 “Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин мамлекеттик кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 22-сентябрындагы №178-Жарлыгы менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жөнүндө” жобо;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266-“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгы.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29 – мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары аудит тобу этикалык ченемдердин сактоосун, ошондой эле Улутстаткомдун ишмердигинин бардык олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келээрине негиздүү ишеним ала тургандай аудитти пландаштырууну жана өткөрүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

Улутстатком тарабынан 2020-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде бюджеттин шайкеш аткарылышынын тийиштүү жана жетиштүү далилдерин алуу максатында аудиттин максаттарына жетүү үчүн төмөнкүдөй иштер аткарылды:

- Улутстаткомдун ишмердүүлүгү боюнча финансылык отчеттуулукту, бухгалтердик жана башка маалыматтарды талдоо;
- Кирешелер жана чыгымдар, анын ичинде персонал жана административдик чыгымдар, бекитилген пландар болжолдоолор жана алардын аткарылышы талданды;
- Улутстаткомдун ишинин жыйынтыктары талданды (2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасынын, статистикалык программалардын, соода жана кызмат көрсөтүү статистикасын өркүндөтүү боюнча жүргүзүлүп жаткан иштердин иш-чараларынын аткарылышын талдоо).

Аудит Улутстаткомдун кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары берген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлдү.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29-беренесине ылайык аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана

маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти аудит объектисинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тартат.

Документ жүгүртүүнүн чоң көлөмүнө байланыштуу, аудит тандалма негизде жүргүзүлгөн жана аудит каталарды таппоо үчүн аудитордук тобокелдик укугун өзүнө калтырат.

Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудит мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

- *биринчи кол коюу укугу менен:*

- төрага А.Ш. Султанов - 19.02.2021-жылга чейин, С.Н. Насирдинов 19.02.2021-жылдан 09.12.2021-жылга чейин, Б.Ж. Кудайбергенов 09.12.2021-жылдан ушул кезге чейин;

- төраганын биринчи орун басары С.Н. Насирдинов 10.12.2021-жылдан тартып 01.01.2022-жылга чейин, Н. Чуйков 10.12.2021-жылга чейин, А. Орозбаева 01.02.2022-жылдан тартып 17.05.2023-жылга чейин;

- *экинчи кол коюу укугу менен:* бухгалтердик эсеп жана финансылык камсыздоо башкармалыгынын начальниги К.К. Токтогулова бүтүндөй аудит мезгилине карата.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында бюджеттик каражаттарды жана атайын эсептин каражаттарын пайдалануу Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетиндеги, анын аймактык органдарындагы жана ведомстволук бөлүмдөрүндөгү төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспекттерде мыйзамдын талаптарына шайкеш келери аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышы**

**Аныктоо жана Корутунду**

2018-жылдын 1-январынан тартып 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2021-жылдын 18 - мартындагы № 01-23/54 жана № 01-23/55 жазма буйрук жана сунуштама жөнөтүлгөн.

**Жазма буйрук** 4 пункттан турган, 3 пункту аткарылган.

4-Пункт: “Кин-Холдинг” ЖЧКсынын 314,3 миң сом суммасындагы дебитордук карызын өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн - *жарым-жартылай аткарылган*.

Улутстатком тарабынан берилген маалымат боюнча, Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун 2016-жылдын 26-январындагы №ЭД-1717/16мбс5 аткаруу барагына ылайык, «Keen Holding» ЖЧКсы Кыргыз

Республикасынын Улуттук статистика комитетине 389,3 миң сом суммасында карыз жана 52,6 миң сом суммасында айып санкциялары бар. Анын ичинен 2017-жылы 70,0 миң сом, 2018-жылы 5,0 миң сом жана 2019-жылы 4,0 миң сом төлөнгөн.

Азыркы учурда карыздын калдыгы 314,3 миң сомду түзөт. 2020-жылга карата абал боюнча Бишкек шаарынын экономикалык иштер боюнча соттук аткаруучулар кызматынын бөлүмүнүн карызкордо катталган автотранспорт каражатынын жана кыймылсыз мүлктүн жоктугуна жана катталган жери боюнча «Keen Holding» ЖЧКсында жоктугуна байланыштуу аткаруу документин өндүрүүчүгө аткаруусуз кайтарып берүү жөнүндө токтому бар.

**Сунуштама** 13 пункттан турган, 12 пункт аткарылган.

13-Пункт: бухгалтердик эсеп боюнча 1992-жылдан бери эсептелген 247,1 миң сом суммасындагы дебитордук карыз боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн (кызматтык автомашинаны жоготуу) - *жарым-жартылай аткарылган.*

Берилген маалыматтар боюнча, Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун 1997-жылдын 11-ноябрындагы № 2-1106 аткаруу барагына ылайык, Ж.А. Бейшембаев материалдык зыяндын ордун толтуруу үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине 247,3 миң сом суммасында карызы бар (кызматкердин күнөөсүнүн айынан автоунаа уурдалгандыгы үчүн материалдык жоопкерчилик). “Соттук аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – Мыйзам) 37-беренесине ылайык аткаруу документтери соттук актылар күчүнө кирген учурдан тартып үч жылдын ичинде мажбурлап аткарууга берилиши мүмкүн. Карыздарды чогултуу боюнча аткаруу барагын акыркы жолу 2004-жылы берген. Азыркы учурда аткаруу барагын берүү мөөнөтү жогоруда аталган Мыйзамга ылайык аяктаган.

Азыркы учурда сот органдары аркылуу Сот аткаруучулар кызматынын бөлүмүнүн аткаруу барагын берүү мөөнөтүн калыбына келтирүү боюнча материалдар даярдалууда.

**Сунуштама**

Аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 18.03.2021-жылдагы №01-23/54 жазма буйругунун 4-пункуту,
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 18.03.2021-жылдагы №01-23/55 сунуштамасынын 13-пункуту.

**Аудит объектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

Улутстаткомдун милдети: расмий статистика чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; расмий статистиканы өндүрүү жана жайылтуу; коомдун, мамлекеттин жана эл аралык коомчулуктун расмий статистикалык маалыматка болгон керектөөлөрүн канааттандыруу; Улуттук статистикалык системада расмий статистиканы иштеп чыгуу, өндүрүү жана жайылтуу боюнча ишти

координациялоону камсыз кылуу; статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик регистрин түзүү жана жүргүзүү; статистикалык маалыматты иштеп чыгуу боюнча жаңы маалыматтык технологияларды киргизүү болуп саналат.

Улутстаткомдун түзүмүнө төмөнкүлөр кирет:

1. Борбордук аппарат;

2. Статистиканын аймактык органдары; областтык, шаардык жана райондук статистика башкармалыктары:

- Чүй областтык статистика башкармалыгы (статистиканын 8 району);
- Нарын областтык статистика башкармалыгы (статистиканын 5 району);
- Талас областтык статистика башкармалыгы (статистиканын 4 району);
- Ысык-Көл областтык статистика башкармалыгы (5 район, 1 шаардык статистика);
- Ош областтык статистика башкармалыгы (статистиканын 7 району);
- Жалал-Абад областтык статистика башкармалыгы (7 район, 4 шаардык статистика);
- Баткен областтык статистика башкармалыгы (3 район, 2 шаардык статистика);
- Бишкек шаардык статистика башкармалыгы;
- Ош шаардык статистика башкармалыгы;

3. Ведомстволук мекемелер:

- Статистикалык изилдөөлөр жана квалификацияны жогорулатуу институту;
- Интеллектуалдык маалымат борбору (ИМБ).

## Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын 2022-2026-жылдарга өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасынын иш-чараларын аткарууну талдоо

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы №26 «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына инвентаризация жүргүзүү жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу максатында, 2022-жылдын ичинде Улутстатком тарабынан «эл жана турак жай фондун каттоо жөнүндө» жана «айыл чарба каттоосу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын "расмий статистика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кошуу маселелери боюнча иштер жүргүзүлдү. «Расмий статистика жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» мыйзам долбоору менен каттоолордун бардык түрлөрүн өткөрүү, аларды уюштуруунун тартиби жана өткөрүүнүн шарттары боюнча зарыл нормалар менен кошумча беренелер киргизилди.

Улутстаткомдун 20.08.2022-жылдагы №89 буйругуна ылайык, электрондук форматта чогултуу жана иштеп чыгуу үчүн отчеттуулуктун статистикалык формаларын оптималдаштыруу боюнча иштер жүргүзүлдү.

Жогоруда аталган буйрук менен бекитилген Иш-чаралар планына ылайык, ИМБнын тармактык бөлүмдөрү жана статистиканын аймактык органдары статистиканын өз ара байланышкан тармактары боюнча статистикалык отчеттуулуктун 37 формасына кайталанган көрсөткүчтөр, алардын максатка ылайыктуулугу жана респонденттер тарабынан көрсөткүчтөрдү дайыма толтуруу предметине талдоо жүргүзүшкөн. Мындан тышкары, ИМБнын тармактык бөлүмдөрү тарабынан 2019-2021-жылдар аралыгында маалыматтарды комплекстүү электрондук иштеп чыгуунун маалымат базаларында «нөлдүк» жана кайталоочу көрсөткүчтөр эсептелди. Улутстатком статистикалык программага ылайык бардык мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүнүн ар кандай маселелери боюнча кызматташууну жүзөгө ашырат. «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы (мындан ары – «Түндүк» ЭВӨС) аркылуу Улутстатком 2020-жылдан тартып калктын табигый жана миграциялык кыймылы боюнча баштапкы маалыматтарды Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министрлигинин «ЖААК», «Жарандык», «Даректик - сурап-билүү бюросу», «Чет өлкөлүктөрдү каттоо» автоматташтырылган маалыматтык тутумдарынан (АМТ) алат. Бирок, СӨБдин калктын табигый кыймылы жана миграциясы боюнча администрациялык маалыматтарынын сапаты аларды статистикалык максаттарда толук түрдө пайдаланууга мүмкүндүк бербейт. Баштапкы базаларда алынган административдик маалыматтарда айрым талаалар боюнча көрсөткүчтөр жок; текст кыскартылган түрдө киргизилет; өлүү себептери, эненин билими, миграциянын себептери ж.б. боюнча талаалар толтурулбайт.

“Санариптик Кыргызстан 2019-2023” санариптик трансформациялоо Концепциясын ишке ашыруу боюнча “Жол картасына” ылайык, Улутстатком Мамлекеттик салык кызматы жана Социалдык фонд менен бирдикте 2019-жылдан тартып ведомстволук формаларды бирдиктүү отчеттуулукка бириктирүү жана “Түндүк” ЭВӨС аркылуу электрондук форматта маалыматтарды алуу боюнча иштерге катышууда. 2021-жылдын 1-апрелинен тартып чакан жана орто ишкердиктин субъекттеринен жана коммерциялык эмес уюмдардан башка бардык чарбалык субъекттер, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттары жана эмгек мамилелери боюнча МСКга киреше салыгы боюнча бирдиктүү отчет берээрин эске алуу менен (FORM STI-161 формасы КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 27-январындагы №24 токтому менен бекитилген), 2021-жылы STI-161 формасындагы маалыматтарды киргизүү жана иштеп чыгуу боюнча жана маалыматтарды салыштыруу мүмкүндүгү үчүн ведомстволук реестрлерди жүргүзүүдө бирдиктүү классификаторлорду жана маалымдамаларды колдонуу маселеси боюнча программалык камсыздоонун биргелешкен тестирлөөсү өткөрүлдү.

Бирок, STI-161 формасы боюнча алынган маалымат эмгек жана эмгек акы статистикасын өндүрүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды толугу менен чогултууга мүмкүнчүлүк бербейт.

Мындан тышкары, маалыматтардын толук камтылышынын жана сапатынын жоктугу, STI-161 базасын Улутстаткомдун базасы менен бириктирүүгө мүмкүн эместиги, маалыматтарды иштеп чыгуу үчүн жетишпеген көрсөткүчтөр, чакан жана орто ишкердик боюнча өткөн мезгилдеги маалыматтардын салыштырылышынын жоктугу, биргелешкен ишканалар боюнча маалыматтарды түзүү (ар кандай мезгилдүүлүк), аймактар боюнча эмгек акынын көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу жана маалыматтарды зарыл сапатта жайылтуу үчүн административдик маалыматтарды толук көлөмдө колдонууга мүмкүндүк бербейт.

Чарба жүргүзүүчү субъекттер боюнча талдоо жүргүзүү, салыштырууларды жүргүзүү жана "Түндүк" ЭВӨС аркылуу ведомстволор аралык маалымат алмашуу жөнүндө макулдашуунун негизинде расмий статистикалык отчеттуулукту камтуу үчүн, МСК даярдыгына жараша берет:

− салык төлөөчүлөрдүн товарларды ташып кирүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арыздарына ылайык, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин аймагынан Кыргыз Республикасынын аймагына товарларды ташып келүүнү ишке ашырган салык төлөөчүлөр жөнүндө маалымат;

− товарларды экспорттоо жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө салык төлөөчүлөрдүн арыздарына ылайык, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин аймагына Кыргыз Республикасынын аймагынан товарларды ташып чыгууну ишке ашырган салык төлөөчүлөр жөнүндө маалымат. Маалыматтардын чоң көлөмүнө байланыштуу маалымат машина окуй турган форматта (xlsx, dbf) баштапкы отчеттун түзүмүндө берилет.

**Статистикалык программалардын аткарылышын кыскача талдоо**

2020 - жылы статистикалык иштердин статистикалык программасы менен жалпысынан Улутстаткомдун системасы боюнча иштеп чыгуунун мезгилдүүлүгүн жана кесилиштерин эске алуу менен, 25 миңден ашык статистикалык иштер аткарылган, анын ичинде программадан тышкары 7,4 миңден ашык статистикалык иштер.

2021 - жылы статистикалык программа менен жалпысынан Улутстаткомдун системасы боюнча иштеп чыгуунун мезгилдүүлүгүн жана кесилиштерин эске алуу менен, 25 миңден ашык статистикалык иштер аткарылган, анын ичинде программадан тышкары 7,7 миңден ашык статистикалык иштер аткарылган. 2021-жылы Улутстатком тарабынан 176 экономикалык баяндама даярдалган, анын ичинде ИДПны өндүрүү жана пайдалануу, негизги фонддордун балансы, малдарды жана үй канаттууларын кайра эсептөөнүн жыйынтыктары, республиканын инвестициялык жана курулуш ишмердиги, керектөө бааларынын жана

тарифтердин өзгөрүшү, ЕАЭБге мүчө мамлекеттер менен товарлардын өз ара соодасы, эмгек рыногунун абалы, жакырчылык деңгээли жана башкалар жөнүндө.

2022 - жылы статистикалык программа менен жалпысынан Улутстаткомдун системасы боюнча иштеп чыгуунун мезгилдүүлүгүн жана кесилиштерин эске алуу менен, 26 миңден ашык статистикалык иштер аткарылган, анын ичинде программадан тышкары 9 миңден ашык статистикалык иштер аткарылган. 2022-жылы Улутстатком тарабынан 169 экономикалык баяндама даярдалган, анын ичинде ИДПны өндүрүү жана пайдалануу, негизги фонддордун балансы, малды жана үй канаттууларын кайра эсептөөнүн жыйынтыктары, республиканын инвестициялык жана курулуш ишмердиги, керектөө бааларынын жана тарифтердин өзгөрүшү, ЕАЭБге мүчө мамлекеттер менен товарлардын өз ара соодасы, эмгек рыногунун абалы, жакырчылык деңгээли жана башкалар.

**Улутстатком ишке ашырып жаткан долбоорлорго талдоо жүргүзүү**

Улутстатком 2020-2022-жылдар аралыгында БУУнун калкты жайгаштыруу жаатындагы фонду (ЮНФПА), БУУнун Балдар фонду (ЮНИСЕФ), эл аралык эмгек уюму (ЭЭУ) жана Норвегиянын Борбордук статистикалык бюросу (НБСБ) сыяктуу эл аралык уюмдар менен кызматташкан.

Улутстатком 2020-жылы **БУУнун Кыргыз Республикасындагы Балдар фонду менен** “Мониторинг жана баалоо системасы” багыты боюнча “Коронавирус пандемиясынын Кыргызстандагы аялдардын жана балдардын абалына тийгизген таасирин талдоо боюнча МИКСти (КОМП) кайрадан текшерүүнү” жүргүзгөн.

“Статистикалык өнүгүү – Кыргызстан-Норвегиянын институционалдык кызматташтыгы” НБСБ долбоору боюнча статистикалык маалыматтарды жайылтуу маселелери боюнча Улутстаткомдун кызматкерлеринин аналитикалык потенциалын жогорулатуу боюнча бир катар иш-чаралар өткөрүлгөн, метамаалыматтар системасын түзүү боюнча техникалык тапшырма иштелип чыккан. Ошондой эле, НБСБ Улутстаткомдун МТ-инфра түзүмүнүн, маалыматтарды сактоо тутумунун жана тармактык жабдуулардын коштоосунда колдоо көрсөтүү үчүн МТ-эксперттти жалдаган, Улутстаткомдун адистеринин МТ потенциалын жакшыртууга жардам берди.

**КР Улутстаткому менен ЮНИСЕФтин Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгүнүн ортосундагы өз ара түшүнүшүү жана кызматташуу жөнүндө меморандумдун алкагында** 2021-жылы Улутстатком тарабынан көптөгөн көрсөткүчтөр боюнча кластердик изилдөөгө катышкандардын үй чарбаларында телефон номурларын чогултуу боюнча талаа иштерин текшерүү, телефон аркылуу сурамжылоо жана “COVID-19дун Кыргыз Республикасындагы балдардын жана

аялдардын абалына таасири” изилдөөсүн координациялоо боюнча иш-чаралар өткөрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Улутстаткому менен Норвегиянын Борбордук статистикалык бюросунун ортосундагы кызматташуу иш-чараларын ишке ашыруунун алкагында 2021-жылы статистикалык маалыматтарды жайылтууда тажрыйба алмашуу жана билим алуу үчүн Норвегияга окуу сапарлары уюштурулду, Кыргыз Республикасынын эл жана турак жай фондун каттоого даярдоодо даректүү регистрди колдонуу мүмкүнчүлүгүн изилдөөдө техникалык жана практикалык жардам көрсөтүлдү.

НБСБнын техникалык колдоосу менен Улутстаткомго локалдык тармакты модернизациялоого жардам көрсөтүлдү. Улутстаткомдун кызматкерлери үчүн ГИС инструменттерин жана маалыматтарды визуализациялоону колдонуу менен статистикалык маалыматтарды жайылтуу боюнча онлайн курстар өткөрүлдү.

НБСБ сапатты камсыздоо стратегиясын иштеп чыгууга эксперттик жардам көрсөттү.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин **“Кыргыз стат демографиялык маалыматтарды чогултуу, талдоо жана жайылтуу жаатында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистика системасын чыңдоо” ЮНФПАнын** долбоору боюнча "Кыргыз Республикасында эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө" токтомун аткаруу максатында, эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү максатында Улутстаткомго бөлүнгөн акча каражаттарын эл каттоо боюнча окутуу учурунда окуп жаткан кызматкерлерди тамак-аш менен камсыз кылышты, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Турак жай фондун жана эл каттоо боюнча иш-чараларды ишке ашыруу үчүн, КР УСК борбордук аппаратынын жана ИМБнын кызматкерлеринин иш сапарларына кеткен чыгымдарынын орду толтурулду.

ЮНФПАнын “Улуттук статистика системасын жакшыртуу: калктын саны боюнча маалыматтарды чыгаруу, талдоо жана жайылтуу” долбоорунун алкагында 2022-жылга карата эки тараптуу иш планына ылайык, Улутстаткомго Улутстаткомдун жана Улутстаткомдун ИМБсынын имараттарынын фасаддарын оңдоого финансылык каражаттар бөлүнгөн.

Ошондой эле 2022-жылы БУУнун калкты жайгаштыруу жаатындагы фондунун финансылык каражаттарынын алкагында Улутстатком тарабынан кластердик изилдөө жүргүзүү үчүн, Кыргыз Республикасынын балдардын жана аялдарынын абалын чагылдырган көрсөткүчтөр, ошондой эле туруктуу өнүгүү максаттарынын жана улуттук стратегиялардын жана программалардын мониторинги үчүн жетишсиз маалыматтар чогултулган.

2022-жылы Улутстатком менен МОТтун ортосундагы "Кыргыз Республикасынын жашыл жумуш орундарын баалоо моделин иштеп чыгуу"

компоненти боюнча түзүлгөн макулдашууга ылайык, Улутстаткомдун 2016 жана 2018-жылдардагы тармактык статистиканын баштапкы маалыматтар базасына толук талдоо жүргүзүлгөн. Отчеттун формалары жана айлана-чөйрөнүн статистикасы боюнча отчет берүүчү ишканалар чөйрөсү изилденди.

2022-жылы **Дүйнөлүк банктын "Салыктык башкарууну жана статистикалык системаны модернизациялоо" долбоорунун** алкагында компаниянын эл аралык МКТны тандоо боюнча тиешелүү МТ инфра түзүмүн долбоорлоо жана программалык камсыздоону жана жабдууларды сатып алуу үчүн тендердик документтерди даярдоо боюнча иштер жүргүзүлдү. Тиешелүү тендердик жол-жоболор аяктады жана Улутстатком тандоонун жеңүүчүсү катары аныкталган МКТ компаниясы менен контракт түзүү баскычында турат.

Мындан тышкары, 2022-жылдын аягында ДБК борбордук аппаратка, облустук жана райондук түзүмдүк бөлүмдөргө жеке компьютерлерди, принтерлерди жана башка тиешелүү кеңсе жабдууларын сатып алуу үчүн тендердик документтерди даярдап, Дүйнөлүк банктын кароосуна сунуштады. Тендердик жол-жоболорду ишке киргизүү 2023-жылдын февраль-мартында күтүлүүдө.

*Долбоорлорду ишке ашыруу үчүн ачылган атайын эсептер боюнча каражаттардын жүгүртүлүшү 1-тиркемеде берилген.*

## Соода жана кызмат көрсөтүү статистикасын жакшыртуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө: МСКнын административдик маалыматтарынын колдонулушунун талдоо

Улутстатком расмий статистиканын сапатын жакшыртуу максатында, Дүйнөлүк Банктын "салыктык башкарууну жана статистикалык системаны модернизациялоо" долбоорунун алкагында, маалыматтардын административдик булактарын статистикалык максаттарда пайдалануу боюнча иштерди баштады. Өнүккөн өлкөлөрдүн статистикалык кызматтарынын тажрыйбасы көрсөткөндөй, административдик маалыматтарды пайдалануу төмөндөгүлөргө жардам берет:

- респонденттерге отчеттук жүктү азайтуу;
- статистикалык жыйынды маалыматтардын сапатын жогорулатуу ж.б.у.с.

Жогоруда көрсөтүлгөн долбоордун аркасынан 2023-жылдын июлунда Улутстаткомдун суроо-талабы боюнча, Дүйнөлүк Банктын ишке ашырылып жаткан биргелешкен долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы (МСК) ***STI–129 "Чакан ишкердик субъектисинин сатык салыгы боюнча отчету", STI–130 "Орто ишкердиктин субъектисинин сатык салыгы боюнча отчету", STI–131 "Субъекттин сатык салыгы боюнча отчету (чакан жана орто ишкердикти кошпогондо)", STI-091 2020-2022-жылдарга "Чакан ишкердиктин субъекттеринин бирдиктүү салыгы боюнча отчет"***

салык отчеттуулугунун формалары менен сатык салыгы боюнча маалыматтар базасын берген.

Ошентип, Улутстатком биринчи жолу чарба жүргүзүүчү субъекттердин салыктык отчеттук маалыматтарына жетүү мүмкүндүгүн аалган. Бул, КР Салык кодексине Улутстаткомдун салыктык купуя сырга жетүү бөлүгүнө толуктоолорду киргизүү аркылуу мүмкүн болду. Учурда, Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун керектөө рыногу жана туризм статистикасы башкармалыгы ДБ долбоорунун улуттук эксперти менен бирдикте, чарбакер субъекттердин салык отчетторун түзүү методологиясын изилдөө, дүң жана чекене соода статистикасынын колдонуудагы методологиясы менен салыштыруу, маалыматтар базасынын мазмунун жана түзүмүн изилдөө боюнча иштерди жүргүзүүдө.

**Аныкталды**

Улутстатком тарабынан жүргүзүлүп жаткан МСКнын административдик маалыматтарынын колдонулушуна талдоо жүргүзүүнүн биринчи этабында, *Улутстаткомдун жана МСКнын маалыматтарынын ортосунда товар жүгүртүүнүн жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү боюнча көп, ошондой эле азаюу жагынан чоң айырмачылыктар алынган.*

Улутстаткомдун товар жүгүртүүсүн эсепке алуу методологиясы иштин негизги түрү боюнча гана көлөмдү, ал эми МСК - жалпы көлөмдү эсепке алат.

Алсак:

1. *Чекене соода* боюнча Улуттук статистика комитети тарабынан эсепке алынган соода жүгүртүү, Мамлекеттик салык кызматынын 2022-жылдагы отчеттук маалыматтары боюнча 4,4 эсеге ашып, **341 249** млн сомду түзгөн. Улутстаткомдун кызматкерлеринин түшүндүрмөлөрү боюнча мындай айырмачылыктын себеби болуп, МСКнын отчеттук маалыматтарында Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин ченемдерине ылайык, патенттин негизинде иштеген субъекттердин жүгүртүү суммасынын жоктугу болуп саналат. Бирок, Улутстатком жеткире эсептөө ыкмасы менен, патент боюнча иштеген субъекттердин жүгүртүү көлөмүн камтыйт. 2022-жылы МСК чекене соода тармагында иш жүргүзүүгө 650454 патент берген.

2. Ошол эле учурда МСКга берилген отчеттук маалыматтар боюнча *дүң сооданын* жүгүртүү көлөмү Улутстаткомдун маалыматынан 1,5 эсеге ашат. Улутстаткомдун түшүндүрмөсү боюнча мындай ашып кетүү учурда МСКда жеке ишкерлерден отчетторду чогултуунун кыйла натыйжалуу аспаптарынын болушу менен шартталган. Ошол эле учурда Улутстатком юридикалык жактар боюнча гана отчетторду чогултат, ал эми жеке ишкерлер тарабынан жүргүзүлгөн жүгүртүү көлөмү, тандалма изилдөөлөрдүн негизинде жана региондор жана экономиканын тармактары бөлүгүндө, минималдуу көрсөткүчтөр боюнча тандалма изилдөөнүн негизинде жеткире эсептеп чыгаруу ыкмасын камтыйт.

3. МСК маалыматтары боюнча мейманканалардын кызмат көрсөтүү көлөмүнүн көрсөткүчтөрү Улутстаткомдун маалыматтарынан дээрлик 20 %га ашырылган, Улутстаткомдун түшүндүрмөсү боюнча соодада да тандалма изилдөөлөрдү колдонуу жана жеке ишкерлерден түз отчеттук маалыматтардын жоктугу менен шартталган. 2022-жылы МСК тарабынан мейманканаларды тейлөө жаатында иш жүргүзүүгө 22554 патент берилген.

4. Автоунаалар, мотоциклдер жана автотетиктер менен соода жүргүзүү боюнча жүгүртүүнүн көлөмүнүн Улутстаткомдун маалыматынын МСКнын маалыматынан ашышы 20 %ды түздү. Бул айырмачылык Улутстатком колдонгон методологиялык ыкмалардан улам келип чыгууда:

- Улутстатком сатуунун көлөмүнө автотранспорттун экинчи рыногун киргизет, алар автотранспортту кайра каттоо боюнча маалыматтардын негизинде эсептелет;

- ошондой эле патенттин негизинде иштеген субъекттер тарабынан өндүрүлгөн автотетиктердин соодасынын көлөмү да камтылган.

**1-таблица**

**2022-жылдагы мейманканалардын жана ресторандардын соода жүгүртүүсү**

*(млн. сом) (алдын ала маалыматтар)*

| | 2022 УСК | 2022 МСКнын жыйынтык маалыматы 2022 | Айырмачылык: УСК-МСК | |
|---|---|---|---|---|
| | | | суммасы | %% |
| **Дүң жана чекене соода жүгүртүү, автоунааларды оңдоо жана шаймандар** | **1 000 898** | **846 160** | **+165582** | **118,3** |
| Автоунаалардын жана мотоциклдердин, авто тетиктердин, түйүндөрдүн жана шаймандардын соодасы | 25 126 | 20 912 | +4 214 | 120,2 |
| Автоунааларды техникалык жактан тейлөө жана оңдоо | 3 861 | 1 469 | +2 391 | 262,7 |
| Автоунаа жана мотоцикл соодасынан тышкары дүң соода | 414 485 | 623 745 | -209 260 | 66,5 |
| Мотор майларынын чекене соодасы | 114 723 | 98 580 | +16 143 | 116,4 |
| **Автоунаа жана мотоцикл соодасынан тышкары чекене соода** | **442 703** | **101 454** | **+341 249** | **436,4** |
| **Мейманканалар жана ресторандар** | **29 849** | **19 004** | **+10 845** | **157,1** |
| Туристтик жашоо үчүн мейманканалар жана кызмат көрсөтүүлөр, ошондой эле кыска мөөнөткө жашоо үчүн башка жерлер менен кызмат көрсөтүү | 3 969 | 4 757 | -788 | 83,4 |
| Ресторандар, тамак-аш менен камсыз кылуу боюнча мобилдик жана башка кызмат көрсөтүүлөр, ошондой эле барлар менен кызмат көрсөтүү | 25 881 | 14 247 | +11 634 | 181,7 |

1-таблицадан көрүнүп тургандай автоунааларды техникалык жактан тейлөө жана оңдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр Улутстаткомдун маалыматтары боюнча МСКнын маалыматтарына караганда 2 391,0 млн сомго көп, мотор майынын чекене соодасы боюнча жүгүртүүлөр 16 143,0 млн сомго, чекене соода боюнча жүгүртүүлөр автоунааларды жана мотоциклдерди сатуудан тышкары 341 249,0 млн сомго, ресторандар, мобилдик жана башка тамак-аш менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүү, ошондой эле барлар боюнча 11 634,0 млн сомго, бардыгы **371 417,0 млн** сомго көп.

Бул талдоонун алкагында көрсөтүлгөн маалыматтар базасы бардык товар жүгүртүүнү гана аныктоо үчүн жетишсиз экендиги аныкталган, анткени башка салык режимдеринде иштеген субъекттердин категориялары (жогорку технологиялар паркы, креативдүү индустриялар паркы, ЭЭА ж.б.) бар, алар боюнча салыктарды эсепке алуу салык отчеттуулугунун башка формалары боюнча жүргүзүлөт.

**Корутунду**

Улутстатком тарабынан жүргүзүлүп жаткан МСКнын административдик маалыматтарынын колдонулушуна талдоо жүргүзүүнүн биринчи этабында *Улутстаткомдун жана МСКнын маалыматтарынын ортосунда товар жүгүртүүнүн жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү боюнча чоң, ошондой эле кичине жагынан чоң айырмачылыктар алынган.*

Улутстаткомдун товар жүгүртүүсүн эсепке алуу методологиясы иштин негизги түрү боюнча гана көлөмдү, ал эми МСК - жалпы көлөмдү эсепке алат.

2022-жылга карата соода жүгүртүүнүн, ресторандардын, мобилдик жана башка тамак-аш менен камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрүнүн, ошондой эле барлар боюнча кызмат көрсөтүүлөрүнүн айрым көрсөткүчтөрү боюнча Улутстаткомдун маалыматтары МСКнын маалыматынан 371,4 млрд сомго көп.

**Сунуштама**

1. Иштер улантылсын:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине мамлекеттик органдардын маалыматтарына жетүү укугун гана бербестен, ошондой эле административдик маалыматтар статистиканын негизги булактарынын бири боло турган статистикалык отчеттуулукту жокко чыгаруу же кыскартуу максатында, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине ар бир субъект боюнча маалыматтарга жетүүнү камсыз кылууга мамлекеттик органдарды милдеттендирген мыйзам актыларын иштеп чыгуу боюнча;
- колдонуудагы методологияга ылайык жана маалыматтардын динамикалык катарларынын үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу үчүн, жаңы ыкмаларды иштеп чыгуу боюнча.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен бирдикте мамлекеттик бюджеттин

киреше бөлүгүн толтуруу боюнча кошумча мүмкүнчүлүктөр болгондуктан, товар жүгүртүүнүн жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмдөрү боюнча алынган айырмачылыктар боюнча абдан толук мониторинг жана талдоо жүргүзүлсүн.

**Эл жана турак жай фондун каттоону жүргүзүүнү талдоо**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-октябрындагы № 690 "Кыргыз Республикасында 2020-жылы эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө" токтомуна ылайык, Улутстатком 2020-жылдын 23-мартынан тартып 1-апрелине чейин, ал эми республиканын алыскы райондорунда 2020-жылдын 20-апрелинен тартып 29-апрелине чейин электрондук форматта эл жана турак жай фондун каттоону жүргүзүшү керек болчу. Улутстатком 2020-жылдын башында каттоону өткөрүү боюнча иштерди жүргүзгөн.

COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу өлкөдө түзүлгөн кырдаалдан улам, эл жана турак жай фондун каттоо мөөнөтүн жылдыруу жөнүндө чечим кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 22-октябрындагы № 228-"Кыргыз Республикасында 2022-жылы эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө" токтомун аткаруу максатында, Улутстатком тарабынан эл жана турак жай фондун каттоо эки этап менен жүргүзүлдү. Негизги этап жалпы республика боюнча 2022-жылдын 25-мартынан тартып 3-апрелине чейин, экинчи этабы алыскы зоналарда 2022-жылдын 23-апрелинен тартып 2-майына чейин өткөрүлгөн.

Каттоону өткөрүү ишине негизинен, ЖОЖдордун студенттери жана мектептердин окутуучулары, үй комитеттеринин, аймактык турак жай менчик ээлеринин жана кварталдык комитеттердин төрагалары тартылган. Убактылуу кызматкерлерди жалдоо эмгек келишиминин негизинде ишке ашырылган.

Эл жана турак жай фондун каттоо биринчи жолу электрондук форматта, каттоочулардын өздөрүнүн мобилдик түзүлүштөрүн пайдалануу менен жүргүзүлдү.

Республика боюнча 28 миңге жакын убактылуу каттоо кызматкерлери ишке тартылган, алардын ичинен 25 миңге жакыны каттоочулар болгон.

Бардык формалар боюнча Дүйнөлүк банк тарабынан иштелип чыккан «Survey Solutions» тиркемесинин базасында **Кыргыз Республикасынын эл жана турак жай фондун каттоонун маалыматтарын киргизүү жана иштеп чыгуу боюнча мобилдик тиркеме** иштелип чыкты.

Коопсуздук жана калктын жеке маалыматтарын коргоо максатында мобилдик тиркеме ачык жеткиликтүү эмес. Улутстаткомдун серверинен эл каттоочунун жеке телефонуна же планшетине Android 5 жана андан жогору версияларында каттоочулар үчүн тиркеме орнотулган. Ар бир каттоочунун мобилдик тиркемеге кирүү үчүн, өзүнүн логини жана паролу болгон. Мобилдик тиркеме online жана offline режиминде иштеген. Ошондой эле тиркеме эки тилде: мамлекеттик жана расмий тилдерде иштелип чыккан.

Күн сайын каттоочу, каалаган ыңгайлуу учурда, аяктаган суроолордун тизмесин кол режиминде багыттоосу (синхрондоштуруу) керек. Мобилдик тиркемеде маалымат жөнөтүлгөндөн кийин (синхрондоштуруу) каттоочунун телефонунда аяктаган суроолордун тизмеси калбайт.

Аяктаган суроолордун тизмеси синхрондоштурулгандан кийин маалымат инструктор – контролердун жеке кабинетине жана көчүрмөсү Улуттук статистика комитетинин серверине келип түшөт.

Каттоочулар тарабынан киргизилген маалыматтардын сапатын текшерүү жана контролдоо максатында, инструктор-контролерлор үчүн маалыматтар базасына окуу режиминде кирүү мүмкүндүгү уюштурулган (жеке кабинет). Бул иш үчүн КРӨгө караштуу МККдан убактылуу пайдаланууга алынган ноутбуктар пайдаланылды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-октябрындагы № 690-"Кыргыз Республикасында 2020-жылы эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө" токтомуна ылайык, 2020-жылдын 23-мартынан тартып 1-апрелине чейин эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүлдү.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 24-мартындагы №55 "Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын аймагында өзгөчө абалды киргизүү жөнүндө" Жарлыгына ылайык, COVID-19 коронавирус инфекциясынын пандемиясына байланыштуу жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2020-жылдын 24-апрелиндеги №25 "Эл жана турак жай фондун каттоо жөнүндө" буйругуна ылайык, 2020-жылы Эл жана турак жай фондун каттоо белгисиз мөөнөткө жылдырылган.

2-формадагы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2020-жылдагы эл каттоо боюнча бюджеттик каражаттар боюнча сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетуна ылайык, эл жана турак жай фондун каттоого даярдоого жумшалган кассалык чыгымдар (каттоону жүргүзүү үчүн тартылган кызматкерлердин эмгек акысына, Социалдык фондго чегерүүлөргө, иш сапар жана транспорттук чыгымдарга, кеңсе жана чарбалык товарларды сатып алууга ж.б.) 33889,1 миң сом сарпталган.

Буга байланыштуу, аудит 2020-жылы COVID-19 коронавирус инфекциясынын пандемиясына байланыштуу токтотулганга чейин 33889,1 миң сом суммасында эл жана турак жай фондун каттоону өткөрүүгө даярдык көрүүгө жумшалган чыгымдар максатсыз жүргүзүлгөн чыгымдар деп эсептейт.

**Бюджеттик каражаттарды пайдаланылышын талдоо**
**2020-жылы**

2020-жылга бюджеттик каражаттардын чыгашалар сметасынын аткарылышы жөнүндө топтолгон отчетко ылайык, смета 360667,7 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгымдар 345461,3 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 350108,8 миң сом, мында иш жүзүндөгү чыгашалар кассалык чыгашалардан 4647,5 миң сомго көп, бул эмгек акы боюнча

авансытык төлөмдөр бар экендиги менен түшүндүрүлөт, алар 2021-жылы эсепке алынган.

**2021-жылы**

2021-жылга бюджеттик каражаттардын чыгашалар сметасынын аткарылышы жөнүндө топтолгон отчетко ылайык смета 359109,9 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 347273,2 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 340844,2 миң сом, кассалык чыгашалар 6429,0 миң сомго көп жүргүзүлгөн, анткени, негизги каражаттардын оңдоо иштери али бүтө элек.

**2022-жылы**

Бюджеттик каражаттардын чыгашалар сметасынын аткарылышы жөнүндө топтолгон отчетко ылайык смета 769468,2 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгашалар 726427,3 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 727399,1 миң сом, бул кассалык чыгашалардан 971,8 миң сомго көп, бул Соц фонддун кредитордук карызы бар экендиги менен түшүндүрүлөт, ал 2023-жылы эсепке алынган.

**Атайын эсептин каражаттарын пайдаланылышына аудит**

Улутстаткомдун атайын эсептин каражаттарынын негизги бөлүгү статистикалык жана изилдөө иштерин жүргүзүү, эл аралык жыйнактарды толтуруу жана жол-жоболоштурууну оңдоо боюнча алынган эл аралык долбоорлордун финансылык каражаттарынын эсебинен, ошондой эле буклеттерди, брошюраларды басып чыгаруудан түзүлөт.

**2020-жылы**

Атайын эсептин каражаттары боюнча кирешелердин жана чыгашалардын сметасы 2020-жылга 52 449,3 миң сом суммасында такталган, жыл ичинде атайын эсептин каражаттарынын түшүүсү 22 659,5 миң сомду түздү, кассалык чыгашалар 22 319,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 22 319,3 миң сомду түздү, 2020-жылдын башына калдык 2 578,2 миң сомду, жылдын аягына карата 2 918,4 миң сомду түздү. Кирешелер боюнча пландын аткарылбай калышы COVID-19 коронавирус инфекциясынын пандемиясына байланыштуу, Улутстатком тарабынан ишке ашырылып жаткан долбоорлор боюнча жана Кыргыз Республикасынын эл жана турак жай фондун каттоо боюнча иш-чаралардын толук ишке ашырылбагандыгына байланыштуу болду.

**2021-жылы**

Атайын эсептин каражаттары боюнча кирешелердин жана чыгашалардын сметасы 2021-жылга 9573,9 миң сом суммасында такталган, жыл ичинде келип түшүүлөр 5 041,4 миң сомду түздү, кассалык чыгашалар 6 080,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 6 080,3 миң сомду, жылдын аягындагы калдык 1 879,5 миң сомду түздү.

**2022-жылы**

Кирешелердин жана чыгашалардын сметасы атайын эсептин каражаттары боюнча 55 000,0 миң сом суммасында такталган, жыл ичинде келип түшүүлөр 42 111,5 миң сомду түздү, кассалык чыгашалар 37 680,9

миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 37 680,9 миң сомду, жылдын аягындагы калдык 6 310,0 миң сомду түздү.

**Эсептешүү эсептери**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 10-январындагы катына ылайык, 2016-жылдын 16-майындагы "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу үчүн, Улутстатком бюджеттин кассалык аткарылышын 2017-жылдын 1-январынан тартып КР Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын бирдиктүү эсебинде жүргүзөт.

Казыналык эсептерден чыгаша операциялары электрондук түрдө берилген табыштамалар боюнча (ЭСК аркылуу) жүргүзүлөт.

**Эмгек акы жана штаттык ырааттама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы №473 "Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдик ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна ылайык, Улутстаткомдун төрагасынын 01.01.2020-жылдагы № 1 буйругу менен, Улутстаткомдун системасы боюнча 2020-жылга, 2021-жылга жана 2022-жылга карата 1023 штаттык бирдик санында штаттык ырааттама, алардын ичинен: мамлекеттик кызматчылар - 663 бирдик, МОП жана ТОП-170 бирдик болуп бекитилген.

2020 - жылы “Эмгек акы” беренеси боюнча кассалык чыгашалар 278106,6 миң сомду, 2021 – жылы - 275869,9 миң сомду, 2022-жылы-597970,6 миң сомду түзгөн.

**Дебиторлор, кредиторлор**

01.01.2023-жылга карата абал боюнча “Ар кандай дебиторлор жана кредиторлор менен эсептешүүлөр” 178-эсеп боюнча Улутстаткомдун топтолгон отчетунун негизинде эсептелет:

- *2242,9 миң сом суммасындагы дебитордук карыз, анын ичинен*:
- Иш сапар чыгымдары 795,1 миң сом,
- Башка аванстык төлөмдөр 985,0 миң сом,
- Аванс менен төлөнгөн запастар 40,8 миң сом,
- Аванс менен төлөнгөн кызмат көрсөтүүлөр 421,9 миң сом;
- *1387,9 миң сом суммасындагы кредитордук карыз, анын ичинен:*
- Иш сапар чыгымдары 1117,9 миң сом,
- Аванс менен төлөнгөн запастар 542,8 миң сом,
- кызмат көрсөтүүлөр аванс менен 1442,1 миң сом;
- эмгек акы төлөө боюнча милдеттенме 117,6 миң сом,
- негизги фонддордон төлөм 481,2 миң сом.

**Бухгалтердик эсеп**

Улутстаткомдун системасы боюнча бухгалтердик эсеп 1С 8.3 "Бюджеттик уюмдар үчүн бухгалтерия" программасы боюнча жүргүзүлөт, бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалы канааттандырарлык.

**Негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктар**

01.01.2023-жылга карата Улутстатком боюнча Бюджет жана атайын эсептин каражаттары боюнча негизги фонддордо 58575,9 миң сом суммасында, запас 24372,9 миң сом суммасында эсептелген.

**Оңдоп-түзөө иштери**

2021-2022-жылдары “Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Интеллектуалдык маалыматтар борборунун имараттарын жана жайларын оңдоого” - 9067,0 миң сом, “Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин чарбалык короосун оңдоого” - 585,0 миң сом, “Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Интеллектуалдык маалыматтар борборунун фасаддарын оңдоо иштерине” - 1086,6 миң сом каражат сарпталды.

**1. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Интеллектуалдык маалыматтар борборунун имараттарын жана жайларын оңдоо**

Бир этаптуу ыкма менен жумуштарды сатып алууга сынак 2021-жылдын 1-октябрында жарыяланган, пландаштырылган суммасы 10000,0 миң сом. Сынакка 5 талапкер катышты: - 9747,1 миң сом билдирилген наркы менен "Шер Курулуш" ЖЧКсы, 9755,4 миң сом билдирилген наркы менен "МОП фирма Максат" ЖЧКсы, 9573,3 миң сом билдирилген наркы менен "Болот-Устача" ЖЧКсы, 9093,5 миң сом билдирилген наркы менен "Азия Инвест Строй" ЖЧКсы, 7980,0 миң сом билдирилген наркы менен "Алия-Курулуш" ЖЧКсы. Сатып алуулар жол-жобосунун протоколуна ылайык, конкурстук табыштамаларды кароодо четтөөлөр жок. Эң арзан баада "Алия-Курулуш" ЖЧКсы сынактын жеңүүчүсү деп жарыяланды. Бирок, конкурстун жеңүүчүсүнүн баш тартуусуна байланыштуу, подряд келишими кийинки талапкерге - "Азия Инвест Строй" ЖЧКсына ыйгарылган.

Аудиттин жүрүшүндө буюртмачы тарабынан 2021-жылдын 01-ноябрындагы төрага С.Н. Насирдинов менен “Азия Инвест Строй” ЖЧКсынын директору К. Ы. Жумакановдун (лицензия сериясы КРЦ-2 №05344 2013-жылдын 28-ноябры) ортосунда түзүлгөн 9093,5 миң сом суммасындагы подряддык келишим берилген, 2021-2022-жылдардагы аткарылган иштердин актылары 9093,5 миң сом суммасын түзгөн.

**Аныкталды**

Конкурстук документтерде белгиленген жумуштарды өз убагында аткарбагандыгы үчүн, үстөк айып төлөмдүн өлчөмү подряд келишиминдеги шарттарга ылайык келбейт. Конкурстун шарттары боюнча үстөк айып төлөмдүн өлчөмү мөөнөтү өтүп кеткен мезгилдин ар бир күнү үчүн 0,05%, *келишим суммасынан* максималдуу чегерилүүчү сумма 1% деп белгиленген. Подряд келишиминде мөөнөтү өтүп кеткен мезгилдин ар бир күнү үчүн 0,05% үстөк айып төлөмдүн өлчөмү белгиленген, бирок мөөнөтүндө

*аткарылбаган жумуштардын наркынан* 1%дан ашык эмес. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы №85 б-буйругу менен бекитилген Электрондук мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн тартибинин “Контракт түзүү” 246-пунктунун 38-параграфынын пунктуна ылайык, сатып алуучу уюм типтүү контракттын тиешелүү формасын пайдалануу менен веб-порталда контракттын долбоорун түзөт жана контракттын долбоорунун шарттарын сатып алуу жөнүндө документтердин жана жеңүүчүнүн сунушунун шарттарына так ылайык аныктайт. Подряд келишиминин шарттары боюнча 1,2-пунктта жумушту аяктоо мөөнөтү 55 календардык күн деп белгиленген. Аткарылган иштердин берилген актыларына ылайык, оңдоо иштери 2022-жылдын 31-октябрында аяктаган (мөөнөтү 10 ай өткөндөн кийин). Конкурстун шарттарына ылайык, Тапшырыкчы 90,9 миң сом (9093523*1%=90935 сом) өлчөмүндө үстөк айып төлөмүн өндүрүп алуусу зарыл.

Муну менен бирге конкурстун шарттары боюнча келишимдин аткарылышын кепилдигин камсыз кылуунун өлчөмү келишимдин суммасынан 5% өлчөмүндө белгиленген. Подряд келишимин түзүүдө подряддык уюм тарабынан 2022-жылдын 7-февралына чейинки мөөнөткө эквиваленттүү суммага банк кепилдиги берилген. Ошентип, келишимдик милдеттенмелер келишимдин аткарылышын кепилдик камсыз кылбастан аткарылган.

“Азия Инвест Строй” ЖЧКсынын директору К.Ы. Жумаканов менен объектте аткарылган иштердин актысында көрсөтүлгөн аткарылган иштердин иш жүзүндөгү маалыматтарына ылайык келишине тандалма контролдук өлчөө жүргүзүлгөн. Тандалма контролдук өлчөөнүн жыйынтыгы боюнча сын-пикирлер жок.

**Корутунду**

Подряд келишимин түзүүдө жумуштарды өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн үстөк айып төлөмдүн өлчөмү конкурстук документтерде каралган шарттардан айырмаланат. Ишти 10 айга кечиктирилген мөөнөтү менен өз убагында аяктабагандыктан, аудит тарабынан эсептелген үстөк айып төлөмдүн суммасы 90,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

- Мындан ары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 489 токтому менен бекитилген Мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин 6-главасынын 2-параграфынын 102-пунктуна ылайык, типтүү контракттын тиешелүү формасын колдонуу менен веб-порталда контракттын долбоору түзүлсүн жана келишимдин долбоорунун сатып алуу жана жеңүүчүнүн сунуштары жөнүндө документтердин шарттарына ылайык так аныкталсын;
- сынактын шарттарына ылайык, оңдоо иштерин өз убагында бүтүрбөгөндүгү үчүн, "Азия Инвест Строй" ЖЧКсынан үстөк айып төлөм 90,9 миң сом өлчөмүндө өндүрүлсүн.

***2. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин борбордук аппаратынын чарбалык короосун оңдоо***

2022-жылдын 3-июнунда пландалган 590,5 миң сом сумма менен, жумуштарды котировкаларды талап кылуу ыкмасы менен сатып алууга сынак жарыяланган. Сынакка 2 талапкер катышкан: Билдирилген наркы 570,8 миң сом болгон “Билейк Трейд” ЖЧКсы, билдирилген наркы 585,0 миң сом болгон “Элитстроймонтаж” ЖЧКсы. Сатып алуулар жол-жобосунун протоколуна ылайык, "Билэйк Трейд" ЖЧКсынын конкурстук табыштамасы лицензиянын жоктугуна байланыштуу четке кагылган. Ошентип, подряд келишими "Элитстроймонтаж" ЖЧКсына ыйгарылган.

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө тапшырыкчы тарабынан төраганын орун басары З. К. Жумалиев жана "Элитстроймонтаж" ЖЧКсынын (лицензия сериясы КРЦ-2 №010373 2022-жылдын 18-марты) директору М.С. Канаатовдун ортосунда 585,0 миң сом суммасында 2022-жылдын 27-июнундагы түзүлгөн № 28 келишими берилген, 2022-жылы аткарылган иштердин актылары 585,0 миң сомду түзгөн. “Элитстроймонтаж” ЖЧКсынын директору М.С. Канаатов менен бирдикте объектте аткарылган иштердин актысында көрсөтүлгөн аткарылган иштердин иш жүзүндөгү маалыматтарына ылайык, контролдук тандалма өлчөө жүргүзүлгөн. Тандалма контролдук өлчөөнүн жыйынтыгы боюнча 5,1 миң сом суммасына төшөлүүчү катмарды жайгаштыруу боюнча жумуштардын көлөмү жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Корутунду**

5,1 миң сом суммасына төшөлүүчү катмарды жайгаштыруу боюнча куруу жумуштарынын көлөмү жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама**

«Элитстроймонтаж» ЖЧКсынан 5,1 миң сом өлчөмүндө оңдоо жумуштарынын көлөмүнүн жогорулатылышы өндүрүлсүн.

***3. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин борбордук аппаратынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Интеллектуалдык маалыматтар борборунун фасаддарын оңдоо иштери***

Пландаштырылган 1458,1 миң сом сумма менен бир этаптуу ыкмада жумуштарды сатып алууга сынак 2022-жылдын апрелинде жарыяланган. Сынакка жарыяланган сумма менен 10 талапкер каттышкан: “Элитстроймонтаж” ЖЧКсы - 1029,7 миң сом, “СК Линсар” ЖЧКсы - 1054,9 миң сом, “ТриА КейДжи” ЖЧКсы - 1091,2 миң сом, “УДА Инжиниринг” ЖЧКсы - 1123,9 миң сом, “Бизнес рампа” ЖЧКсы - 1127,4 миң сом, “Дастан Строй Групп” ЖЧКсы - 1197,2 миң сом, “Эрэдан” ЖЧКсы - 1230,9 миң сом “Торг Кей Джи” ЖЧКсы - 1280,1 миң сом, “Империя Кахарова” ЖЧКсы - 1298,6 миң сом, “ГлавТехИнвест” ЖЧКсы - 1405,3 миң сом.

Сатып алуулар жол-жобосунун протоколуна ылайык, подряд келишими "Элитстроймонтаж" ЖЧКсына эң төмөнкү баа боюнча ыйгарылган.

Аудиттин жүрүшүндө тапшырыкчы тарабынан 2022-жылдын 10-майындагы төраганын орун басары З. К. Жумалиев жана "Элитстроймонтаж" ЖЧКсынын (лицензия сериясы КРЦ-2 №010373 2022-жылдын 18-марты) директору М. С. Канаатовдун ортосундагы 1029,7 миң сом суммасындагы түзүлгөн подряддык келишим берилген, 51,5 миң сом суммасындагы кошумча жумуштарга кошумча келишим, 2022-жылы аткарылган иштердин актылары 1081,2 миң сом. "Элитстроймонтаж" ЖЧКсынын директору М.С. Канаатов менен бирдикте объектте аткарылган иштердин актысында көрсөтүлгөн аткарылган жумуштардын иш жүзүндөгү маалыматтарына ылайык, контролдук тандалма өлчөө жүргүзүлгөн. Контролдук тандалма өлчөөнүн жыйынтыгы боюнча эч кандай сын-пикирлер жок.

## Сатып алуулар

Жалпысынан Улутстатком боюнча 2020-жылга сатып алуулар планы 86 066,7 миң сом, анын ичинен бюджеттик каражаттар боюнча 62 766,7 миң сом, атайын эсептин каражаттары боюнча 23 300 миң сом, кассалык чыгашалар 35 454,1 миң сом, анын ичинен бюджеттик каражаттар боюнча 18 709,0 миң сом, атайын каражаттар боюнча 16 745,1 миң сомду түзгөн.

2021-жылга сатып алуулар планы 64 074,7 миң сомду түздү, анын ичинен бюджеттик каражаттар боюнча 31 033,7 миң сом, атайын эсептин каражаттары боюнча 33 041 миң сом, кассалык чыгашалардын суммасы 28 796,4 миң сом, анын ичинен бюджеттик каражаттар боюнча 25 615 миң сом, атайын каражаттар боюнча 3 181,5 миң сомду түзгөн.

2022-жылга сатып алуулар планы 45 214,9 миң сомду түздү, анын ичинен бюджеттик каражаттар боюнча 27 204,9 миң сом, атайын эсептин каражаттары боюнча 18 010,0 миң сом, кассалык чыгашалардын суммасы 57547,50 миң сом, анын ичинен бюджеттик каражаттар боюнча 23 576,70 миң сом, атайын эсеп каражаттары боюнча 33 970,8 миң сомду түзгөн.

## Маалымат коопсуздугу

**Аныкталды жана корутунду**

Маалыматтык коопсуздук чараларынын бири болуп зыяндуу программалардан коргоого өбөлгө түзгөн компьютерлерге антивирустук программаларды (мындан ары-ПК) орнотуу болуп саналат. Улутстаткомдун кызматкерлеринин компьютерлеринде лицензиясы бар антивирустук ПК программасы орнотулган эмес.

Муну менен бирге, Улутстатком финансылык-экономикалык талдоо үчүн, республиканын жетекчилиги тарабынан чечимдерди кабыл алуу үчүн маанилүү мааниге ээ болгон республиканын ишинин ар кандай чөйрөлөрү жөнүндө маалыматтарды чогултат жана иштеп чыгат, ушуга байланыштуу Улутстаткомдун системаларын жана маалыматтарын маалыматтык коргоо маанилүү милдет болуп саналат.

**Сунуштама**

Системалардын жана маалыматтардын маалыматтык коопсуздугун күчөтүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн, лицензияланган антивирустук программалык камсыздоолор менен камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" жаңы Мыйзамы 2022-жылдын 27-апрелинде кабыл алынган, ал эми Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамы күчүн жоготту деп табылган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы № 85-Б буйругу менен бекитилген Электрондук мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү тартибинин 6-пунктуна ылайык, Мамлекеттик сатып алуулар боюнча сертификаттар мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилген сайын жаңылануга тийиш.

Көрсөтүлгөн тартипти бузуу менен, Улутстаткомдун БА, Бишкек шаардык статистика башкармалыгынын башкы адисинин мамлекеттик сатып алуулар боюнча 2022-жылдын апрелинде алган сертификаты, Талас областтык статистика башкармалыгынын бөлүм башчысынын жана башкы адисинин мамлекеттик сатып алуулар боюнча 2016-жылдын августунда алган сертификаттары, Ош областтык статистика башкармалыгынын адисинин 2016-жылда алган сертификаты мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө жаңы мыйзам кабыл алынгандыгына байланыштуу жаңыртылган эмес.

**Сунуштама**

2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын кабыл алынышына байланыштуу сатып алуулар боюнча жооптуу адистерди окутуу камсыз кылынсын.

**Улутстаткомдун ведомстволук бөлүмдөрү жана аймактык органдары боюнча**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 26-пунктун бузуу менен, Ош жана Баткен областтык статистика башкармалыктарында 2020-2022-жылдар аралыгында материалдык жооптуу адамдардын тизмеси түзүлгөн эмес жана бекитилген эмес, ошондой эле материалдык жооптуу адамдар менен материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишимдер түзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Ош жана Баткен областтык статистика башкармалыктарында, материалдык жооптуу адамдардын тизмесин түзүү жана бекитүү жана алар менен материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын

11-июлундагы № 2-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун” талаптарынын аткарылышы камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит тарабынан сатып алуу бөлүмдөрү жок экендиги, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 1-беренесинин 9-пунктун сактабай тургандыгы аныкталган, анда сатып алуу жол-жоболорун жүргүзүү үчүн сатып алуучу уюм сатып алуу бөлүмүн түзөөрү же бул милдеттерди өзүнүн бөлүмдөрүнүн бирине жүктөөрү чагылдырылган.

Алсак, Ысык-Көл жана Нарын областтык статистика башкармалыктарында бул милдеттерди башкы бухгалтерлер аткарышат, бул кызыкчылыктардын кагылышуусуна алып келет.

Чүй, Ысык-Көл жана Нарын областтык статистика башкармалыктарында сатып алуулар жөнүндө келишимди башкаруу бөлүгүндө КРнын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 9-беренесинин 6-пунктунун талаптары сакталбайт.

**Сунуштама**

Чүй, Ысык-Көл жана Нарын облустук статистика башкармалыктарында “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин талаптары сакталсын. Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү боюнча жооптуу адистерге милдеттерди жүктөөдө кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду**

КР Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы № 85-Б "Электрондук мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө" (6-пункт 1-глава) буйругуна ылайык, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү үчүн сатып алуучу уюм / Агент ээ болууга тийиш: уюштуруу структурасында сатып алуулар бөлүмү жана сатып алуулар бөлүмүнүн иштелип чыккан жана бекитилген иш регламенти. Бирок Чүй, Ысык-Көл, Нарын областтык статистика башкармалыктарында сатып алуулар жол-жоболору боюнча иш регламенти жок.

**Сунуштама**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Бишкек шаардык статистика башкармалыгы боюнча**

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит тарабынан Бишкек шаардык статистика башкармалыгынын негизги каражаттарына жана запастарына тандалма инвентаризациялоо жүргүзүлдү.

Запастар боюнча:

- дары-дармектер жана таңуучу материалдар боюнча 561,2 миң сом ашыкча запастын суммасы аныкталган, анын ичинде: 305,4 миң сом суммасындагы коргоочу маска, 110,1 миң сом суммасындагы Калкан боюнча коргоочу маска, 83,7 миң сом суммасындагы 100 мл антисептик, 39,6 миң сом суммасындагы 5 л антисептик, 22,4 миң сом суммасындагы термометр;

- башка чийки заттар жана материалдар боюнча 18,3 миң сом суммасында кем чыгуу аныкталган, ал 05.10.2023-жылдагы №163 төлөм тапшырмасы менен республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө калыбына келтирилген. **Сунуштама**

Комиссиялык түрдө жалпы суммасы 561,2 миң сомду түзгөн дары-дармектердин жана таңуучу материалдардын белгиленген ашыкча запастары боюнча жарактуулук мөөнөтү каралсын. Жарактуу мөөнөтү бар запастар бухгалтердик эсептин тиешелүү эсептери боюнча балански кабыл алынсын. Мөөнөтү өткөн запастарды жокко чыгаруу белгиленген жол-жоболор боюнча жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Автотранспортко отунду сарптоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 токтому менен белгиленген лимиттин чегинде жүргүзүлөт (КР Министрлер Кабинетинин 14.01.2022-жылдагы № 9 токтомуна ылайык күчүн жоготту).

Муну менен бирге, автотранспорттун жол баракчаларында маалым даректер толук толтурулган эмес, КММ эсептен чыгаруу автотранспорттун спидометрлеринин иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрү жок жол барактары боюнча жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Мындан ары, КММ эсептен чыгаруу спидометрлердин тийешелүү көрсөткүчтөрүн чагылдыруу менен жол барактарынын маалым дарек толук толтуруу жолу менен ишке ашырылсын.

**Аныкталды жана корутунду**

1С 8.3 бухгалтердик эсеп программасы толук автоматташтырылган эмес. Жүгүртүү-калдык ведомосттор, мемориалдык ордерлер жана башка өзүнчө формалар түзүлбөйт. Формалар Excel, Word программасына кол менен киргизилет.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-П буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун" 22 жана 23-пункттарына ылайык, бухгалтердик эсепти комплекстүү автоматташтыруу камсыз кылынсын.

**Чүй облустук статистика башкармалыгы боюнча**

Аудит тарабынан 2021-жыл үчүн атайын эсептин каражаттары боюнча сметанын аткарылышы жөнүндө отчетто кайтарымсыз алынган материалдар, коргоо каражаттары боюнча 1758,8 миң сом суммасындагы

иш жүзүндөгү киреше чагылдырылган эмес, ошол эле учурда бухгалтердик баланста, 1-форманын 2-тиркемесинин 141-сабында 2021-жылы 1758,8 миң сом суммасында коргоочу каражаттардын кайтарымсыз түшүүлөрү чагылдырылган. Отчетту топтоодо аудит объектиси тарабынан ички ведомстволук эсептөөлөр аркылуу иш жүзүндөгү кирешелер чагылдырылган.

**Аныкталды жана корутунду**

2020-2022 – жылдар үчүн, мамлекеттик сатып алуулар конкурсунда жеңген катышуучулар боюнча түзүлгөн келишимдердин аудити, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын №72 Мыйзамынын 52-беренесин жана “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 Мыйзамынын 50-беренесин бузуу менен, 4 645,0 миң сом суммасындагы контракттардын аткарылышынынын кепилдик камсыздоосу жок экенин көрсөттү.

**Аныкталды жана корутунду**

2021-жылы жалпысынан 399,3 миң сом суммасында имараттарда оңдоо иштери жүргүзүлдү:

- Сокулук РСБ -129,8 миң сом суммасында,
- Жайыл РСБ - 146,2 миң сом суммасында,
- Чүй-Токмок РСБ - 123,3 миң сом суммасында.

Аудит тарабынан 399,3 миң сом суммасындагы оңдоо иштерине дефектик актылары жок экендиги аныкталган.

**Сунуштама**

- 399,3 миң сомдук оңдоо иштерин, дефекттүү акттарды түзбөстөн, жүргүзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын;
- Контракттарды түзүүдө алардын аткарылышын кепилдик жактан камсыз кылууну талап кылуу бөлүгүндө (50-беренеси), оңдоо иштерин жүргүзүүнүн алдында тиешелүү дефекттик актыларды түзүү бөлүгүндө (11-беренеси) “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталсын.

**Талас областтык статистика башкармалыгы боюнча**

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит тарабынан үй чарбаларын изилдөө боюнча статистикалык маалыматтарды алуу жана өткөрүп берүү боюнча 15,8 миң сомдук 5 даана Xiaomi Mi Pad планшет жана 41,7 миң сомдук 2 даана Samsung Galaxy Tab S6 планшет алган 7 интервьюер менен алынган планшеттерине толук материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүлбөгөнү аныкталган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун” 26-пунктуна ылайык, үй чарбаларын изилдөө боюнча статистикалык маалыматтарды алуу жана өткөрүп берүү үчүн,

планшеттерди алган интервьюер алуучулар менен толук материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишимдер түзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

2020-жана 2021-жылдары райондук, 2021-жылы Манас, 2021-жылы Бакай-Ата жана 2020-жылы Талас статистика бөлүмдөрүнүн жетекчилери менен, тийиштүү түрдө аларга бекитилип берилген мамлекеттик номери №06-58 ТА «Нива» ВАЗ-21214 автоунаасы, мамлекеттик номери №06-08 ТА «Жигули» ВАЗ-21074 автоунаасы, жана мамлекеттик номери 06-71 ТА «Нива» ВАЗ 21214 автоунааларына толук материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүлгөн эмес.

2022-жылдын январынан тартып райондук статистика, Манас жана Бакай-Ата бөлүмдөрүнүн жетекчилери менен аларга бекитилген автоунааларга толук материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүлгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун” 26-пунктуна ылайык, жетекчиге бекитилип берилген автоунаага толук материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим өз убагында түзүлсүн.

**Аныкталды**

06.12.2022-жылдагы Талас областтык статистика башкармалыгынын жетекчиси Б.А. Бараков тарабынан бекитилген жана комиссиянын курамында: жетекчинин орун басары-төрага А. К. Нартаева, комиссиянын мүчөлөрү: башкы бухгалтер Н. Т. Бокоева, башкы адис А. А. Данко, башкы адис Ч. К. Джунушалиева жана жетектөөчү адис Э. А. Туралиева тарабынан кол коюлган актыларга ылайык, КР Улуттук статистика комитетинин катына ылайык, 22.04.2022-жылы аткарылган иштердин актыларын жана №№1-24 техникалык абалынын актыларынын (экспертти тартуу менен), ошондой эле 03.02.2022-ж. №ОС-4 №№1-24 формасындагы актыларынын негизинде, баштапкы наркы 534,7 миң сом болгон 24 бирдик санындагы негизги каражаттар (компьютердик планшеттер – 8 даана 155,2 миң сом, стационардык компьютерлер – 9 даана 287,6 миң сом жана башка техника – 7 даана 92,0 миң сом) эсептен чыгарылган.

**Корутунду**

Аудит жогоруда көрсөтүлгөн баштапкы наркы 534,7 миң сом болгон 24 бирдик санындагы негизги каражаттарды эсептен чыгаруу боюнча 06.12.2022-жылдагы актыларга ылайык, алар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен жүргүзүлгөндүгүн белгилейт, эсептен чыгарууга техникалык экспертизанын актылары эмес, техникалык экспертиза берүүгө лицензиясы жок

адистештирилген эмес уюм, жеке ишкер А.Б. Кенешов тарабынан берилген техникалык абалдын актысы тиркелген.

**Сунуштама**

Негизги каражаттарды эсептен чыгаруу, 06.12.2022-жылдагы эсептен чыгарылган актыларга ылайык азыркы учурда колдо болгон 24 бирдик санындагы баштапкы наркы 534,7 миң сом болгон негизги каражаттарды эсепке алуу менен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-П буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобого" ылайык келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Бир жылга электр энергиясын керектөөнүн лимити 40,0 миң кВт/с белгиленген, иш жүзүндө керектелген электр энергиясы 43,6 миң кВт/с же лимиттен ашып кетүү 3,6 миң кВт/с 9,0 миң сом суммасын түзгөн.

Ошондой эле, 2021-жылга карата электр энергиясын керектөөнүн лимити 40,0 миң кВт/с белгиленген, иш жүзүндө керектелген электр энергиясы 43,8 миң кВт/с же лимиттен ашып кетүү 3,8 миң кВт/с 9,5 миң сом суммасын түзгөн.

**Сунуштама**

Мындан ары электр энергиясын керектөөнүн белгиленген лимити так сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Талас областтык статистика башкармалыгынын системасынын эл жана турак жай фондун каттоо боюнча окутуу семинарларынын катышуучулары үчүн түшкү тамакты сатып алуу конкурсунун жыйынтыгы боюнча 26.02.2022-жылы "Профессионал Кей Джи" ЖЧКсы менен 849,7 миң сом суммасында №9 (1596464) келишими түзүлгөн.

Түзүлгөн келишимге ылайык, 0,10% өлчөмүндө келишимдин аткарылышынын кепилдик камсыздоосун албастан жана берүүчү тарабынан аванстык төлөм суммасына банктык кепилдик берилбестен 100% өлчөмүндө 849,7 миң сом суммасында аванстык төлөм жүргүзүлгөндүгү, №5-төлөм тапшырмасы боюнча 04.03.2022-жылга карата 91,9 миң сом суммасында жана №6-төлөм тапшырмасы боюнча 10.03.2022-жылга карата 757,8 миң сом суммасында аванстык төлөм жүргүзүлгөндүгү аудит тарабынан аныкталган.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 47-беренесинин келишимди аткаруу бөлүгүндөгү талаптары сакталсын.

2. Жабдуучу (подрядчы) тарабынан аванстык төлөмдүн суммасына банк тарабынан кепилдик берилген шартта, келишимдин жалпы суммасынан аванстык төлөмдөрдүн (алдын ала төлөөнүн) суммасынан 10 пайыздан ашпаган бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-П буйругу менен

бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун” 312-пунктунун талаптары сакталсын.

**Ысык-Көл областтык статистика башкармалыгы боюнча**

2021-жылдагы атайын эсептин каражаттары боюнча сметанын аткарылышы жөнүндө отчетто кайтарымсыз алынган материалдар, коргоо каражаттары боюнча 936,7 миң сом суммасындагы иш жүзүндөгү киреше чагылдырылган эмес, ошол эле учурда баланска карата 1-форманын 2-тиркемесинде запастар, 141-сап боюнча 2021-жылы 936,7 миң сом суммасындагы коргоо каражаттарынын кайтарымсыз түшүүлөрү чагылдырылган.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит тарабынан 2021-жылдагы такталган сметага ылайык, 2214-берене боюнча транспорттук кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгашалар 200,0 миң сом суммасында такталган, ал эми кассалык жана иш жүзүндөгү чыгашалар 316,5 миң сомго такталган, мында, сметадан ашып кетүү 116,5 миң сомду түзгөн, бюджеттик каражаттар боюнча отчетту топтоодо бул ашыруулар Улутстатком тарабынан жөнгө салынган.

Ошондой эле, 2215-берене боюнча такталган сметага ылайык, башка кызматтарды сатып алууга чыгашалар 150,0 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 233,0 миң сомго жүргүзүлгөн, мында, ашыруу 83,0 миң сомду түзгөн, бюджеттик каражаттар боюнча отчетту топтоодо бул ашып кетүү Улутстатком тарабынан жөнгө салынган.

**Сунуштама**

Мындан ары, кассалык чыгымдардын сметада каралган чыгымдардан ашып кетишине жол берилбесин, пландаштырылган чыгымдарга ылайык сметаны тактоо өз убагында жүргүзүлсүн.

**Нарын областтык статистика башкармалыгы боюнча**

2021-жылдагы атайын эсептин каражаттары боюнча сметанын аткарылышы жөнүндө отчетто кайтарымсыз алынган материалдар, коргоо каражаттары боюнча 599,2 миң сом суммасындагы иш жүзүндөгү киреше чагылдырылган эмес, ошол эле учурда, балanска 1-форманын 2-тиркемесиндеги запастар, 141-сап боюнча 2021-жылы 599,2 миң сом суммасындагы коргоочу каражаттардын кайтарымсыз түшүүлөрү чагылдырылган.

Ошондой эле, 2021-жылдагы атайын эсептин каражаттары боюнча сметанын аткарылышы жөнүндө отчетто кайтарымсыз алынган негизги каражаттар (планшеттер) боюнча 48,6 миң сом суммасындагы иш жүзүндөгү киреше чагылдырылган эмес, ошол эле учурда балanска 1-форманын 1-тиркемесиндеги негизги каражаттар, 220-сап боюнча 2022-жылы 48,6 миң сом суммасындагы негизги каражаттардын кайтарымсыз түшүүлөрү чагылдырылган.

Отчетту топтоодо аудит объектиси тарабынан ички ведомстволук эсептөөлөр аркылуу иш жүзүндөгү кирешелер чагылдырылган.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит тарабынан 2021-жылдын 2-формасынын отчетунда “Эмгек акы” 2111-чыгашалар беренесинин элементтери: “негизги эмгек акы, үстөк акылар жана кошумча төлөөлөр” иш жүзүндө жүргүзүлгөн чегерүүлөр менен туура эмес бөлүштүрүлгөндүгү аныкталган. Алсак, 1100 негизги эмгек акы элементи боюнча кассалык чыгаша 10 565,1 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, ал эми иш жүзүндө кошуп эсептөө 8387,8 миң сомду түзгөн, б.а. 2177,3 миң сомго көп, 1200 үстөк элементи боюнча кассалык чыгаша 7974,3 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, ал эми иш жүзүндө кошуп эсептөө 8889,0 миң сомду түзгөн, б. а. 914,7 миң сомго аз; 1300 элементине кошумча төлөмдөр жана компенсациялар 7777,3 миң сом суммасында кассалык чыгашалар жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чегерүү 9092,1 миң сомду түзгөн, б. а. 1314,8 миң сомго аз.

Ошондой эле, аудит тарабынан 2022-жылдын 2-формасынын отчетунда “Эмгек акы” “Негизги эмгек акы, үстөктөр жана кошумча төлөөлөр” 2111-чыгашалар беренесинин элементтери иш жүзүндө жүргүзүлгөн чегерүүлөр менен туура эмес бөлүштүрүлгөндүгү аныкталган. Алсак, 1100-негизги эмгек акы элементи боюнча кассалык чыгаша 11470,1 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, иш жүзүндө кошуп эсептөө 9585,5 миң сомду түздү, б.а. 1884,6 миң сомго көп, 1200 үстөк элементи боюнча кассалык чыгаша 12176,0 миң сомду түздү, ал эми иш жүзүндө кошуп эсептөө 12156,5 миң сомду түздү, б. а. 19,5 миң сомго көп; элемент боюнча 1300 кошумча төлөмдөр жана компенсациялар 7848,8 миң сом суммасында кассалык чыгашалар жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чегерүүлөр 10152,6 миң сомду түзгөн, б. а. 2303,8 миң сомго аз.

**Сунуштама**

Мындан ары, 2-формадагы отчетто “Эмгек акы” беренесинин элементтеринин иш жүзүндөгү чегерүүлөргө ылайык туура бөлүштүрүлүшү сакталсын.

**Ош шаардык статистика башкармалыгы боюнча**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 17-январындагы № 25 “Үй чарбаларды тандап изилдөөнүн статистикасы жөнүндө” токтомунун 2-пунктуна ылайык, интервьюерлерге календардык ай үчүн иш жүзүндө текшерилген үй чарбаларынын санына жараша ар бир үй чарбасы үчүн 409 сом эсебинде акы төлөнөт. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн токтомду бузуу менен, 2020-жылдын декабрь айында иш жүзүндө текшерилген 18 үй чарбасынын ордуна интервьюер Т.Ж. Артыкованын 22 үй чарбасына 409 сомдон 8998 сом суммасында төлөм жүргүзүлгөн. Тактап айтканда, 1636 сом суммасындагы айырма ашыкча төлөнгөн. Ошондой эле иш жүзүндө текшерилген 21 үй чарбанын ордуна интервьюер М.М. Каримованын 22 үй чарбасына 409 сомдон 8998 сом суммасында төлөм жүргүзүлгөн. Тактап айтканда, 409 сом айырмага ашыкча төлөнгөн. Ошондой эле иш жүзүндө текшерилген 21 үй чарбанын ордуна интервьюер М.А. Нуркулованын 22 үй

чарбасына 409 сомдон 8998 сом суммасында төлөм жүргүзүлгөн. Тактап айтканда, 409 сомго ашыкча төлөнгөн. 2020-жылдын декабрь айынын жыйынтыгы менен 3 интервьюерге 2,4 миң сом суммасында негизсиз төлөм төлөнгөн.

Аудиттин аякташы менен жогоруда аталган кызматкерлерден 2023-жылдын сентябрь айы үчүн эмгек акысынан ашыкча төлөнгөн суммалар боюнча болгону 2,4 миң сомго тиешелүү кармап калуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Интервьюерлерге акы төлөө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 17-январындагы № 25 “Үй чарбаларды тандап изилдөөнүн статистикасы жөнүндө” токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

2021-жылы Улутстатком тарабынан 2021-жылдын 28-декабрындагы №157 “Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында акча каражаттары болгон учурда 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча аймактык жана ведомстволук бөлүмдөрдүн кызматкерлерин сыйлоо мүмкүнчүлүгүн кароо жөнүндө” буйругу жөнөтүлгөн.

Бирок, жетекчилик тарабынан кызматкерлерге сый акы төлөө боюнча ички документ чыгарбастан, 2021-жылдын декабрь айында Ош шаардык статистика башкармалыгынын бардык кызматкерлерине бир айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндө 280,5 миң сом суммасында сый акы чегерилген жана төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

Кызматкерлерге сый акыларды төлөө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит тарабынан 2015-жылдын 3-апрелиндеги № 72 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 2-пунктунун, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 9-беренесинин 2-пунктунун талаптарын бузуу менен, сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына мониторинг жүргүзүлгөн эмес:

- 2222-берене боюнча 102,0 миң сом суммасына № 200121210770825 кеңсе товарлары сатылып алынган;
- 2222-берене боюнча 49,9 миң сом суммасына № 211124308335741 кеңсе товарлары сатылып алынган;
- 2214-берене боюнча 92,2 миң сом суммасына № 220114314710101 ККМ сатылып алынган.

**Сунуштама**

Сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзүү бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталсын.

**Ош областтык статистика башкармалыгы (ООСБ) боюнча**

**Аныкталды жана корутунду**

2021-жылы Улутстатком тарабынан 2021-жылдын 28-декабрындагы № 157 “Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында акча каражаттары болгон учурда 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча аймактык жана ведомстволук бөлүмдөрдүн кызматкерлерин сыйлоо мүмкүнчүлүгүн кароо жөнүндө” буйрук жөнөтүлгөн.

Бирок, Ош областтык статистика башкармалыгынын жетекчилиги тарабынан кызматкерлерди сыйлоого карата ички документ чыгарбастан, 2021-жылдын декабрь айында Ош областтык статистика башкармалыгынын бардык кызматкерлерине бир айлык эмгек акы фондунун 164,88% өлчөмүндө 2 283,5 миң сом суммасында сый акы чегерилген, ал эми 28.12.2021-жылдагы № 157 буйрук боюнча Улутстаткомдун кызматкерлерин эмгек акы фондунун иш жүзүндө үнөмдөөнүн чегинде бир айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндө сый акы берүүнү ишке ашыруу тапшырылган.

**Сунуштама**

Кызматкерлерге сый акыларды төлөө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылсын.

**Аныкталды жана корутунду**

31.12.2021-жылга карата Социалдык фондго төгүмдөр беренеси боюнча 293,0 миң сом суммасында кредитордук карыз пайда болгон.

**Сунуштама**

Мындан ары, корголгон беренелер боюнча карыздардын пайда болушуна жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду**

Улутстаткомдун 2019-жылдын 29-апрелиндеги №53 буйругу менен, Ош областтык статистика башкармалыгы үчүн жылуулук энергиясын керектөөгө 200,0 г/ккал жылдык лимит бекитилген. Бирок, 2020-жылы жылуулук энергиясын иш жүзүндө керектөө 211,81 г/ккал.ды түздү, мында лимиттен ашуу 11,81 г/ккал же 22,4 миң сомду түзгөн. Ошондой эле, 2021-жылга керектөө 201,22 г/ккал.ды түзгөн, мында лимит 1,22 г/ккалга ашып, 2,9 миң сом суммасын түзгөн. Лимиттен ашыкча керектөө жалпысынан 25,4 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Жылуулук энергиясын керектөөсү белгиленген лимити боюнча так сакталсын.

**Баткен областтык статистика башкармалыгы боюнча**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомунун талаптары сакталган эмес.

2020-жылга Баткен облустук статистика башкармалыгында жалпы мамлекеттик кызматкерлердин 43 штаттык бирдигинин ичинен жетектөөчү курамдын штаттык саны 13 штаттык бирдик болуп бекитилген, бул 25% дан ашат, же жетекчи курамдын 2 бирдигине көп.

2021 жана 2022-жылдары штаттык саны, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналдын чектик штаттык саны жөнүндө" токтомуна ылайык келтирилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналдын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомунун талаптары сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Улутстаткомдун 29.04.2019-жылдагы №53 буйругу менен, Баткен областтык статистика башкармалыгы үчүн 65300 кВ/с электр энергиясын керектөөгө жылдык лимит бекитилген. Бирок, 2020-жылы электр энергиясын иш жүзүндө керектөө 79 888 кВ/саатты түзгөн, мында лимиттен ашуу 14 588 кВ/саатты 36,6 миң сом суммасын түзгөн. Ушундай эле, 2021-жылга керектөө 82 574 кВ/саатты түздү, мында лимит 17 274 кВ/саатка 46,5 миң сом суммасында, 2022-жылы - 78 680 кВ/саат, мында лимит 13 380 кВ/саатка 50,1 миң сом суммасында ашты. Лимиттен ашыкча керектөө бардыгы 45 242 кВ/саатты  же 133,1 миң сом суммасын түзгөн.

**Сунуштама**

Электр энергиясын керектөөнүн белгиленген лимити боюнча  так сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит тарабынан Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги № 72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин 2-пунктунун талаптарын бузуу менен конкурстар боюнча сатылып алынган товарлардын бааларына мониторинг жүргүзүлбөгөндүгү аныкталган:

- 110 185 сом суммасына  № 200312219541467 кеңсе товарларын сатып алуу боюнча,
- 70,0 миң сом суммасына № 211214311505150  баннер сатып алуу боюнча.

**Сунуштама**

**С**атылып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна

мониторинг жүргүзүү бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталсын.

**Жалал-Абад областтык статистика башкармалыгы боюнча**

Аудит тарабынан 2020-жылдын аягында "Альфа Ойл" ЖЧКсынын Жалал-Абад областтык статистика башкармалыгына 55,8 миң сом суммасындагы карызы, өз ара эсептешүүлөрдү салыштыруу актысы түзүлгөнүнө жана кол коюлганына карабастан дебитордук карыз катары эсепке алуу боюнча чагылдырылбагандыгы аныкталган.

2021-жылы жогорудагы 55,8 миң сом суммасындагы көрсөтүлгөн карыз бухгалтердик эсепте чагылдырылган..

**Аныкталды жана корутунду**

31.12.2022-жылга карата “Эмгек акы” корголгон беренеси боюнча 70,4 миң сом суммасында кредитордук карыз пайда болгон.

**Сунуштама**

**М**ындан ары, корголгон беренелер боюнча карыздардын пайда болушуна жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомунун талаптары сакталган эмес.

2020-жылы Жалал-Абад облустук статистика башкармалыгында жалпы мамлекеттик кызматкерлердин 93 штаттык бирдигинин ичинен 26 штаттык бирдикте жетекчи курамдын штаттык саны бекитилген, бул 25%дан жогору же 3 бирдикке көп.

2021 жана 2022-жылдары штаттык саны Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналдын чектик штаттык саны жөнүндө” токтомуна ылайык келтирилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналдын чектик штаттык саны жөнүндө» токтомунун талаптары сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Улутстаткомдун 2019-жылдын 29-апрелиндеги № 53 буйругу менен Жалал-Абад областтык статистика башкармалыгы үчүн 200 000 кВ/с электр энергиясын керектөөгө жылдык лимит бекитилген. Бирок, 2020-жылы электр энергиясын иш жүзүндө керектөө 213 285 кВ/с түзгөн, мында

лимиттен ашып кетүү 13 385 кВ/с 33,6 миң сомду түзгөн. Ушундай эле, 2021-жылга карата электр энергиясын иш жүзүндө керектөө 205 851 кВ/саатты түздү, мында 5851 кВ/саатка лимиттен ашып кеткен сумма 14,7 миң сомду түздү. Лимиттен ашыкча керектөө бардыгы болуп 19236 кВ/саатты түзүп, 48,3 миң сом суммасында болду.

**Сунуштама**

Мындан ары, электр энергиясын керектөөнүн белгиленген лимити боюнча так сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

№220226319550516 сынак боюнча Сузак жана Базар-Коргон райондорунда эл жана турак жай фондун каттоо боюнча координаторлорду окутуу мезгилинде түшкү тамакты уюштурууда, №3 жана №5 лоттун жеңүүчүсү болуп, Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын бузуу менен "Жениш Строй плюс" ЖЧК аныкталган, анткени, "Жениш Строй плюс" ЖЧКсынын конкурстук табыштамасы конкурстук документтердин квалификациялык талаптарына жооп бербейт, тактап айтканда, катышуучу тамак - аш азыктарын уюштурууга жана жеткирүүгө бардыгы болуп 154,9 миң сом суммасындагы окшош келишимди берген, мында лоттордун суммасы 1 880,3 миң сомду түзгөн, калган тиркелген келишимдер -ТМБ жана курулуш товарларын жеткирүүгө каралган. Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 29-беренесинин 6-пунктунун 1-пунктчасына ылайык, конкурстук табыштама конкурстук документтерде белгиленген квалификациялык талаптарга жооп бербесе, сатып алуучу уюм конкурстук табыштаманы четке кагат.

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылы Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамын бузуу менен АИ 92 КММ сатып алуу боюнча №220120315028651, №220120315046814, №220207316695557, 220207316696766 конкурстар өткөрүлгөн, атап айтканда, 10-берененин 2-пункту сакталбаган КММга баалардын мониторинги жүргүзүлгөн эмес, КММга контракттын баасы конкурстук документациянын пландалган баасынан жогору, ошондой эле контракта КММ саны конкурстук документациядагы КММнын пландалган санынан азайтылган, мында сатып алуунун суммасы өзгөрүүсүз калган. Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө Мыйзамынын 29-беренесинин 6-пунктунун 5-пунктчасына ылайык, эгерде, бул конкурстук табыштама маңызы боюнча конкурстук документациянын талаптарына жооп бербесе, сатып алуучу уюм баа берүүнүн жүрүшүндө конкурстук табыштаманы төмөнкү учурларда четке кагат.

**Сунуштама**

Сатып алуу документтеринде жана 9-беренде белгиленген квалификациялык талаптарга ылайык, келбеген сунушту берген берүүчүнүн сунушун баалоонун жүрүшүндөгү четтөө бөлүгүндө, сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзүү бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин талаптары сакталсын.

**Статистикалык изилдөөлөр жана квалификацияны жогорулатуу институту боюнча**

**Аныктоо жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы № 474 токтому менен өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинен 17-пункт компьютерде иштөө алынып салынды. Бул токтом 2022-жылдын 1-августунан тартып күчүнө кирди.

Муну менен бирге 2022-жылдын августунда Статистикалык изилдөөлөр жана квалификацияны жогорулатуу институтунда эмгектин өзгөчө шарттарындагы иштер үчүн (компьютерде иштегендиги үчүн) жалпы 32,04 миң сом кошумча төлөмдөр, анын ичинде Социалдык фондго 4,7 миң сом чегерүүлөр негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

Мындан ары эмгектин өзгөчө шарттары менен иштегендиги үчүн кошумча акыларды төлөө мындан ары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 «Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна жана Өзгөчө шарттагы жумуштардын (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) типтүү тизмегине ылайык жүргүзүлсүн».

**Аныкталды жана корутунду**

Окутуу семинарларын өткөрүүгө машыктыруучуларды кабыл алуунун тартибин жана алардын эмгегине акы төлөөнүн шарттары тууралуу ички ченемдик документ иштелип чыккан эмес жана бекитилген эмес.

**Сунуштама**

Институттун жетекчилиги окуп жаткандарга семинарларды өткөрүү үчүн окутуучуларга кабыл алуунун тартибин жана алардын эмгегине акы төлөөнүн шарттары тууралуу ички ченемдик документти иштеп чыксын жана бекитсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 106 жана 246-пункттарына ылайык, кеңсе товарлары жана чарбалык материалдар мекеменин керектөөлөрү үчүн таратуу ведомостторуна ылайык чыгымдалат (эсептен чыгарылат). Бирок, комиссия

кол койгон жана институттун директору бекиткен 30.09.2020-жылдагы актыга ылайык, жалпы суммасы 42,4 миң сомдук кеңсе товарлары жана чарбалык материалдар тиешелүү бөлүштүрүү ведомостторун түзбөстөн эсептен чыгарылган.

Ошондой эле, 31.03.2021-жылдагы актыга ылайык, тиешелүү таратуу ведомостторун түзбөстөн, жалпы суммасы 7,0 миң сомдук чарбалык материалдар эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

Кеңсе товарларын жана чарбалык материалдарды чыгымдоо, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-П буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобого” ылайык жүргүзүлсүн.

**Интеллектуалдык маалыматтар борбору (ИМБ) боюнча**

**Аныкталды жана корутунду**

Иштебеген жана капиталдык салымдарды талап кылган Белек пансионатына 424,8 миң сомго чарбалык товарлар (сырлар, лактар, телевизор, муздаткыч, теннис столу, теннис үчүн топтор) сатылып алынган, бул ИМБнын рационалдуу эмес чыгымдары болуп саналат.

**Сунуштама**

Мындан ары, рационалдуу эмес чыгымдар жасалбасын. "Белек" пансионаты боюнча бүтпөгөн курулуштар аякталсын жана анын мындан аркы иштөөсү камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит мезгилинде, 2023-жылдын июлунда ИМБнун кызматкерлери курамы 17 адам болгон, алардын ичинен 4 бала "Белек" пансионатына эс алууга барышкан жана "Белек" пансионатынын чарба башчысына жашоо үчүн 5,2 миң сом акча төлөп беришкен, алар КР УСК ИМБнын кассасына чегерилген эмес.

*Интеллектуалдык маалыматтар борборунун эсептешүү эсебине 5,2 миң сом суммасындагы сарпталбаган акча каражаттары которулгандыгы эске алынсын.*

**Сунуштама** Мындан ары, “Белек” пансионатында модернизациялоо жана капиталдык курулуш аяктаганга чейин, кызматкерлерге эс алуу берүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлбөсүн.

**Аудитор** **М.К. Арзыбаев**

**1-тиркеме**

**2020-жылга** долбоорлорду ишке ашыруу үчүн ачылган атайын эсептер боюнча каражаттардын кыймылы

| Эсептердин аталышы | Өздүк эсеп | Жылдын башындагы калдык | Түшүүлөр | Чыгымдар | Жылдын акырына карата калдык |
|---|---|---|---|---|---|
| ЮСАИД | 4402011103014636 | 54,3 | 4,0 | 53,2 | 5,1 |
| Дүйнөлүк Банк | 4402011103014737 | - | - | - | - |
| Норвегиянын статкеңсеси | 4402011103014838 | 1137,0 | 961,8 | 1614,2 | 484,5 |
| ЮНФПА | 4402011103014939 | - | 4983,2 | 4891,7 | 91,4 |
| ЦСБН | 4402011103022013 | 324,3 | 1553,4 | 1271,3 | 606,5 |
| ПРООН | 4402011103022518 | - | - | - | - |
| **Жалпы** | | **1515,6** | **7502,4** | **7830,4** | **1187,5** |

**2021-жылы.**

| Эсептердин аталышы | Өздүк эсеп | Жылдын башындагы калдык | Түшүүлөр | Чыгымдар | Жылдын акырына карата калдык |
|---|---|---|---|---|---|
| ЮСАИД | 4402011103014636 | 5,1 | - | - | 5,1 |
| Дүйнөлүк Банк | 4402011103014737 | - | - | - | - |
| Норвегиянын статкеңсеси | 4402011103014838 | 484,5 | - | 138,9 | 345,6 |
| ЮНФПА | 4402011103014939 | 91,4 | 1211,4 | 1275,1 | 27,7 |
| ЦСБН | 4402011103022013 | 606,5 | 1505,9 | 2095,7 | 16,7 |
| ПРООН | 4402011103022518 | - | - | - | - |
| **Жалпы** | | **1187,5** | **2717,3** | **3509,8** | **395,1** |

**2022-жылы**

| Эсептердин аталышы | Өздүк эсеп | Жылдын башындагы калдык | Түшүүлөр | Чыгымдар | Жылдын акырына карата калдык |
|---|---|---|---|---|---|
| ЮСАИД | 4402011103014636 | 5,1 | - | - | 5,1 |
| Дүйнөлүк Банк | 4402011103014737 | - | 4754,5 | 405,1 | 4349,4 |
| Норвегиянын статкеңсеси | 4402011103014838 | 345,6 | - | 345,6 | 0,0 |
| ЮНФПА | 4402011103014939 | 27,7 | 5185,8 | 5205,1 | 8,4 |
| ЦСБН | 4402011103022013 | 16,7 | 3041,8 | 1697,3 | 1361,2 |
| ПРООН | 4402011103022518 | - | - | - | - |
| **Жалпы** | | **395,1** | **12982,1** | **7653,1** | **5724,1** |